**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча “Сапаттуу Билим” агенттигинин 2025-жылдын 26 - февралындагы отурумунун №2 протоколу**

**Отурумдун катышуучулары:**
Катышты – 7 Аккредитациялык Кеңештин мүчөсү
**Төрага:**
Тажибаев К.Т.
**Аккредитациялык Кеңештин мүчөлөрү:**
Мамытов Т. Т., Курманалиев Б.К.,
Асанбекова Ч.М., Искандер Таалайбек
**Он-лайн форматта катышкандар:**
Абдыкадыров А.З., Джуматаев М.С.
**Катышкан жок:**
Маматалиев М.А., Парпиев Ж.
Турдумамбетова Э.Д.,

**Күн тартиби:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна ылайык жана берген арыздарынын негизинде тышкы эксперттик комиссиялардын билим берүү программаларын аккредитациялоо жана төмөнкү билим берүү уюмдарын аккредитациялоо боюнча сунуштарын талкуулоо:

Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин программалык аккредитациясын карoo жана бекитүү: 580100 “Экономика” (PhD) билим берүү программасы.

**Комиссиянын төрагасы:** Торобеков Бекжан Торобекович – техника илимдеринин доктору, И.Раззаков атындагы КМТУнун «Ташууларды уюштуруу жана транспортту башкаруу» кафедрасынын профессору.

**Угулду:**

**Тажибаев Кушбакали Тажибаевич**:

- Урматтуу Аккредитациялык кенештин мүчөлөрү!

Бүгүнкү отурумда Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин 580100 “Экономика” (PhD) билим берүү программасын тышкы эксперттер аккредитациялансын жана 5 жылдык мөөнөт менен аккредитациялык күбөлүк берилсин деп сурап жатышат.

Бул маселе боюнча комиссиянын төрагасы Торобеков Бекжан Торобекович презентацияны көрсөтүп, комиссиянын чечими менен тааныштырды
(толук отчет тиркелген).
Добуш берип койсоңуздар.
Ооба – 7, каршы –жок
**Чечим:**

Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин 580100 “Экономика” (PhD) программасы аккредитациялансын жана 5 жылдык мөөнөт менен аккредитациялык күбөлүк берилсин.

**Төрага** **К.Т.Тажибаев**

**Катчы** **Ч.М.Асанбекова**